| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ**<br>**ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ**<br><br>**САДЫР АКЕ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕҢЕШ САДЫР**<br>**АКЕ АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Эл депутаттарынын Садыр аке айылдык Кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезектеги 12-сессиясы**

# ТОКТОМ

**10 февраль 2023-жыл №73** **Григорьевка айылы**

**Садыр аке айыл аймагынын жайыт пайдалануучуларынын 2023-жылга карата бюджетин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери жөнүндө" Бюджеттик Кодексинин 48-беренесинин 10-пунктун жана жайыт пайдалануучуларынын 2023-жылга карата бюджетин карап, талкуулап чыгып Садыр аке айылдык Кеңеши **токтом кылат:**

1. Жайыт комитетинин 2023-жылга карата бюджетинин көлөмү кирешелер жана чыгашалары боюнча 170,0(жүз жетимиш миң) сом өлчөмүндө анын ичинен:
   - Жайыттарды пайдаланган үчүн төлөм-170,0 (жүз жетимиш миң) сом.
2. Жайыт комитетинин төрагасына жана эсеп бухгалтерине эмгек акы 10 000 (он миң) сомдон кварталына төлөнүп берилсин.
3. Жыл ичинде акча каражаттын сарпталашы бекитилген бюджет боюнча жүргүзүлсүн.
4. Жайыт комитетинин 2023-жылга карата киреше булагына түшө турган акча каражаты 100 пайызга жайыт комитетинин чыгаша булагына толугу менен каралып берилсин.
5. Токтом массалык маалымат каражаттарына жарыялансын жана мамлекеттик-укуктук актылар реестрине киргизүү үчүн Облустук юстиция башкармалыгына жиберилсин.
6. Токтомдун аткарылышы Садыр аке айыл өкмөтүнүн башчысы А.Б. Орозалиевге жана ФЭБнун башчысы Н.У. Сыдыковага милдеттендирилсин.
7. Токтомду көзөмөлгө алуу жагы "Бюджет, экономика, инвестиция тартуу жана орто чакан бизнести өнүктүрүү боюнча"туруктуу комиссияга тапшырылсын.
8. Бул токтомдун аткарылышын жайыт комитетинин төрагасы П.Г. Жукка милдеттендирилсин.

**Төрага** **Б. Чичканбаев**

**Жиберилди: Айыл өкмөтүнө-1, Облюстицияга-2, Жайыт комитетине-1, Каржы бөлүмүнө-1**